С. Жоошбаев атындагы орто мектеп

# Эссе

## *Тема:* *« Бала деп турат жан дүйнөм»*

Мугалим: Мейманбекова А

# Бала деп турат жан дуйном

## *(Эссе)*

*Татынакай кийинген балдар , бажырыйган карагаттай молтур коздор , ичинде кири жок сезимтал журоктор кунуго эртен менен эрте мени тосуп алышат.Кунуго ушундай. Эч чарчашпайт. Озунчо эле бир укмуш керемет. Эртели-кеч ушул кулкуго толгон ак короодо кирип- чыгып журуп татынакай , ары ардактуу мугалим деген атты алып жургонумо сыймыктанам да , анан ошонун баасына да татыктуу болсом экен деп келем. Ушундай кереметтен озумо ырахат алуу менен сабагыма кирем. Айткылачы, башка да кайсы кесиптин ээлери оз жумуш кунун ушундай баштайт. Башка бир дагы андай кесип жок!*

*Айтканга «мугалим» деген кесип женил болгону менен , анын «ат копоргус» оор жугу бар.Журогун каалап, энсеп бала деп сабылып, сагынып турбасан , анда бул кесиптин ырахат ала албайсын. Ардактуу.ары туйшугунон салмактуу аты бар бул кесиптин даамын татып , ырахат алуу учун жаны бучур ачып келе жаткан жан дуйного назар салып , анын кыялын билип , тилеги менен тилектеш болуп , сенин максатын экоо бир жолго тушуусу керек. Окуучундун омуру , ден соолугу , акыл-эси, турмуштагы орду , билими , келечектеги жашоосу сага, сенин иш билгилигине , устаттыгына , чеберчилигине байланыштуу.*

*Мугалимдин милдети-бул бала учун курошуу , андагы терс адаттарды жоюп , жакшыларын онуктуруу , анын жан дуйносуно тынымсыз унулуп кируу , баладагы озгочо шык-жондомдору ачуу деп ойлойм. Мугалимсинби? Баланын тарбиячысы , акылманы , жардамчысы , досу , сырдашы . насаатчысы бол. Мугалимсинби? Мээримдуу , ак ниет ,*

адилет, калыс, жайдары, эмгекчил, сыр сактагыч бол! Окуучундун билимдуу болушун каалайсынбы? Озун билимдуу бол! Окуучундун боорукер, чынчыл, болушун каалайсынбы? Озун боорукер, чынчыл бол! Кээде бала менен бала бол!

С. Жоошбаев атындагы орто мектеби

# Эссе

## Тема: *«Сапаттуу билим бакубат, стабилдүү Жашоонун булагы»*

кыргыз тили жана адабияты

мугалими: Мейманбекова А.С

Эссе

Тема: « Сапаттуу билим, бакубат, стабилдуу жашоонун булагы»

«Билим алуу - ийне менен кудук казгандай» - деп айтылган накыл сөзгө кошо эле, билим беруу да ийне менен кудук казганга барабар. Балага билим беруу, келечек ээлерин татыктуу тарбиялоо, ардактуу жана азаптуу кесиптин ээлери мугалимдердин негизги милдети болуп саналат. Бул милдетти аткарууда Улуу Дуйшөн салган чыйыр жолду азыркы бизге окшогон мугалимге чейинки династия талыкпай улантып келе жатат. Белгилуу журт башчылар, атактуу илимпоздор, искусство чеберлери да мугалимдердин туурунан учушкан.

Немец философу К.Маркс: « Дуйнөдө, коом өзгөруу менен көптөгөн кесиптер жоголуп кетет, бирок мугалим деген кесип тубөлуктуу» - деп айткандай бул кесип тубөлуктуу. Демэк, тубөлуктуу жашайт жана ар дайым жанылануунун, жаны идеялардын жаралуусун өзу менен кошо алып журот. Азыркы кундө билим беруу жогорку денгээлге жетүүдө. Илим техниканын жетишкендиктери билим беруунун сапатын жогорулатууда.

Республикабызда 2012 – жыл Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен « Уй булонун, ынтымактын жана кечиримдуулуктун жылы « - деп белгиленген. Бул Указды ишке ашырууда билим беруу жаамаеты өзунун тематикасын иштеп чыккан. Ал « Сапаттуу билим - туруктуулуктун жана бакубат жашоонун тиреги» деп аталат. Жер жерлерде усулдук окутуулар жургузулгөн. ЮСАИД уюму да бул долбоордун устундө көптөгөн иштерди жургузду. Усулдук окутууларды өткөруп, колдонмолорду чыгарды. Салтка айланган мугалимдердин методикалык жактан окутуу август кенешмесинде бул уюмдун

усулчулары окутууну жургузушту. Декада «Сапаттуу билим - туруктуулуктун жана бакубат жашоонун тиреги» - девизинин алдында өткөрулду. Бул окууларда төмөндөгүдөй салыштыруу айтылат. Эгерде ачка адамды тойгузуу учун ага жалан гана балык бышырып беруу менен чектелбей ага балыкты кармоону уйрөтуу пайдалуу. Эгерде даяр балыкты бышырып берип , бир жолу тойгузсанар, балык кармаганды уйротсонор анда өмур бою тамак таап жегенди уйрөтөсунөр деген.

Чындыгында да, Сапаттуу билим деп өзу эле айтып тургандай, биз берген билим сапаттуу болсо, окуучу аны турмушунда кенири колдоно алат. Сапаттуу билим беруу окуучу мугалимден кабыл алганын туура синирип, аны өркундөтө алууда жатат. Мугалимдин бул стратегияга таянып, сабакка максат коюсун эле алып карасак, мугалим өзунун билимине ылайыктап койбостон, окуучунун кабыл алуусуна ылайыктап сабакка максат коет. Бул сабак максатына жетет. Анткени, окуучуга тушунуктуу, кызыктуу жана синимдуу болот.

Сапаттуу билим беруу өзунө, сабакты туура уюштурууну, баалоону, мотивациялоону камтыйт деп тушунөм. Мен өзумдун иш тажрыйбамда сабакта мотивациялоону башкача айтканда окуучунун ички дуйнөсундө катылып жаткан ойду алып чыгууга далалаттанам. Окуучуга алдыга умтулуусуна көмөктөшөм. Ички умтулууну кучөтуу окуучулардын таанып билуу аракетин жогорулатууга, окуу программасын мыкты өздөштуруу-

усунө мумкундук берет.

Окуучунун өзун-өзу баалоосу өз ишин бир топ критерийлер боюнча баалоо аркылуу калыптанышы керек. Бул учурда окуучу өз ишин ар бири өзунчө критерийлер боюнча баалана турган көптөгөн билгичтиктердин топтому катары коро билууго уйронот. Окуучу озунун осушуно коз сала алат. Мына булардын бары сапаттуу билим беруунун негиздеринен болуп эсептелет.

Сапаттуу билим беруу менен окуучунун, келечектеги студенттин билим казынасы толук болуп, ал турмушта созсуз турдо максатка умтулган чечкиндуу инсан болуп чыгат.Ал инсан турмушунда бакубат жашайт.

Демек, «сапаттуу билим, бакубат, стабилдуу жашоонун булагы».